
**Алынган анкеталар боюнча диагноздоонун жыйынтыгы**

Мугалимдердин методикалык тема боюнча иштөө деңгээлин текшерүү боюнча диагноздоонун жыйынтыктары боюнча токтолсок ,мугалимдердин дээрлик көпчүлүгү жаш жана жаңы келген мугалимдер .
Мугалимдердин педагогикалык ишмердүүлүгүн диагностикалоого байланышкан ыкмалар аркылуу б.а. анкета жүргүзүү,жекаче маектешүү, сабактарга катышуу, методикалык-диагностикалык карталарды түздүрүү аркылуу ишке ашты.
Диагноздоонун негизинде төмөнкү принциптер келип чыккан:




Түшүнүү ,изилдөө,жардам берүү.

Педагогикалык иш аракеттеринде азыркы педагогикалык технологияларды колдонууга кесиптик даярдык деңгээлдерин үйрөнүү боюнча алынган анкетанын (Зевин.Л.В.) жыйынтыгы боюнча мугалимдер так маалымат берген эмес б.а. кээ бир мугалимдер технологияларды билбесе деле билем деп,айрымдары тескерисинче билгенин да билбейм деп жооп беришкен. Коллективдин көпчүлүгү жаш мугалимдер болгондуктан,жардамга муктаж мугалимдер бар болгондуктан азыркы мамалекеттик стандарт боюнча сабактын планын жаза албагандыктарын анализдөөнүн,аңгемелшүүнүн жана изилдөөнүн жыйынтыгы көргөздү. Айрым стажылуу мугалимдер деле жаңы технологияларды сабакта системалуу колдонбой тургандыгы аныкталды.Ал боюнча мониторинг түзүлдү.Диагноздоонун жыйынтыгы боюнча кыйынчылыктар аныкталып , кийинки жылга чечүүнүн жолдору иштелип чыкты.

| **Өткөрүлгөн диагноздоо** | **Кыйынчылыктарды аныктоо** | **Чечүүчү иш аракеттер** |
|---|---|---|
| Педагогдордун кесиптик компетенттүүлүгүн диагноздоо | Сабактагы кыйынчылыктарын издөөгө шарттарды түзүү Класста жаңы талаптарга дал келүүчү тарбиялык иштердин түзүлүшүн аныктоо | Мугалимдеги кыйынчылык боюнча аңгемелешүү. Сабакка катышуудагы сунуштар боюнча папка уштурууну сунуштоо. Интернет булактары боюнча маалымат топтоону сунуштоо. |
| Мугалимдин методикалык маданияты | Сабакта азыркы билим берүү технологияларын колдонуусу | Педагогикалык кеңешме өткөрүү. Билим берүү технологиялары боюнча метод кабинетке маалыматтарды топтоо. |
| Мугалимдин маалыматтык маданияты | Сабакта ИКТ колдонууну билүү мүмкүнчүлүгү | Мектептин материалдык техникалык базасын чыңдоого жана мугалимдердин жаңы технологиялар менен иштешине шарт түзүү. |
| Мугалимдердин иш аракетин эксперименталдык баалоо | Мугалимдердин курстан өтүп билимдерин жогорулатууга түрткү берүү | Жардамга муктаж болгон мугалимдер үчүн кийинки окуу жылында өтүлүүчү курстарга катышуусуна мүмкүнчүлүк берүү, мугалимдердин тизмесин түзүү. |
| Мугалимдердин коммуникативдүүлүк маданиятынын жыйынтыгы | Чыгармачыл жана демилгелүүлөр үчүн окуучулар менен кызматташууну уюштуруусуна түрткү берүү | Кызматташуу технологиялары менен тааныштыруу,окуучу менен мугалимдин компетенттүүлүгү боюнча папка даярдоо |

**Мугалимдер үчүн анкета**

**Мугалимдин ийгиликтүү ишмердүүлүгүнүн диагностикалык анкетасы**

| № | Параметрлер | Ийгиликтүү чече алам | Кыйналам,чече албайм | Тажрыйбам менен бөлүшө алам | Жардам керек |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Календарлык план түзүүдө | | | | |
| 2 | Сабактын планын түзүүдө | | | | |
| 3 | Тарбия иштеринин планын түзүүдө | | | | |
| 4 | Өз билимин пландоодо | | | | |
| 5 | Окуу китебинин жаңы материалдарын өздөштүрүүдө | | | | |
| 6 | Сабакта түрдүү формаларды колдоно билүүдө | | | | |
| 7 | Окуучулардын көнүл буруп,кунт коюп,сабакты угуусун уюштурууда | | | | |
| 8 | Окуучулардын ой-жүгүртүүсүн өркүндөтүү үчүн методдорду колдонууда | | | | |
| 9 | Сабактар аралык байланышты жана интегрированный сабакты колдонууда | | | | |
| 10 | Сабактан тышкаркы иш-чараларды уюштурууда | | | | |
| 11 | Тарбиялоодо түрдүү метод жана формаларды колдонууда | | | | |
| 12 | Окутууда стандарттык эмес методдорду колдонууда | | | | |
| 13 | Дифференциалдуу окутууда | | | | |
| 14 | Сабакта окуучулар менен тыгыз байланыш түзүүдө | | | | |
| 15 | Окутууда жаңы технологияларды колдонууда | | | | |

Кайсы технологияларды колдоно аласыз?Жазыңыз________________________________

Кайсы технологияларды үйрөнгүңүз келет жана кандай технологияларды сунуштай аласыз?__________________________________________________________________________________